Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№37 [16994] ИШЕМБИ, 06/12/2025


## ОШТО “ЖАМИЙЛА” МЮЗИКЛИ КӨРСӨТҮЛДҮ



2-бетте

## ПРАКТИКАНТ СТУДЕНТТЕРДИН ҮНҮ




7-8-беттерде

## ТАЖРЫЙБАЛУУ МЫКТЫ ДАРЫГЕР



4-бетте

## ИЛИМДЕГИ ИЗГИ ЖОЛ



2-бетте

## ЛИМОН ӨСТҮРГӨН ОКУМУШТУУ



5-бетте

Ош облустук коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

**Башкы редактор:**
КАРАКОЗУЕВ
Асанбек Курманбекович

**Жооптуу катчы:**
Канымжан
Кыдыралиева

**Нөөмөтчү**
Б.Ысакова

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

**Буюртма №: 1592**
**Нускасы: 1700**

**Реквизиттер:**
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

**Дареги:** 723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

**Байланыш:**
Кабылдама: **7–13–34**
Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjan@mail.ru**

Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# Ош облусуна жаңы ыйгарым укуктуу өкүл дайындалды



Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын биринчи орун басары Данияр Амангельдиев эмгек жамаатка жана Ош облусунун активине КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү болуп жаңы дайындалган Аманкан Кенжебаевди тааныштырды.

Иш-чарага Ош шаарынын мэри, аппарат кызматкерлери, район акимдери, ошондой эле облустук мекеме-ишканалардын жетекчилери, аксакалдар катышты. Данияр Амангельдиев өз сөзүндө аймактарда мамлекеттик саясатты натыйжалуу ишке ашырууда өкүлчүлүктүн маанилүү ролу бар экенин белгилеп, калк менен тыгыз иш алып баруу жана Президенттин тапшырмаларын так аткаруу зарылдыгын баса белгилеп, бул жаатта Аманкан Кенжебаевдин тажрыйбасы бар экенин айтып, жаңы кызматында ийгилик каалады.

Жолугушуунун жүрүшүндө буга чейин Ош облусун башкарып келген Эльчибек Джантаевди расмий узатуу аземи да өткөрүлдү. Эльчибек Джантаев кызматтык ишинде мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүн координациялап, райондорго үзгүлтүксүз чыгып, калк менен тыгыз байланышта болуп, социалдык жана инфраструктуралык маселелерди чечүүгө өзгөчө көңүл бурганы үчүн жогору бааланды. Ошондой эле Эльчибек Джантаевге "Ош облусунун ардактуу атуулу" наамы ыйгарылды.

Өкүлчүлүктүн кызматкерлери, акимдер жана облустук мекеме-ишканалардын жетекчилери Эльчибек Джантаевге жасаган эмгеги үчүн ыраазычылык билдирип, анын облустун өнүгүүсүнө кошкон салымын баса белгилешти жана жаңы кызматына ийгилик каалашты.




# Ошто "Жамийла" мюзикли көрсөтүлдү

С. Ибраимов атындагы Ош Улуттук драма театрында Т. Сатылганов атындагы Кыргыз Улуттук филармониясынын чыгармачыл жамааты Чыңгыз Айтматовдун чыгармасынын негизинде даярдалган "Жамийла" мюзиклин көрүүчүлөргө сунуштады.

Тунук сүйүү, адам тагдырынын татаалдыгы, Ата-Мекенге болгон сүйүү жана элдердин биримдигин даңазалаган бул чыгарма кыргыздын салттуу маданияты, фольклору, тарыхый кийимдери, хореографиясы жана вокалы менен айкалышып, жогорку деңгээлде коюлду. Мюзикл көрөрмандардын чоң кызыгуусун жаратты.

Иш-чарага Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев, анын орун басарлары, райондордун жетекчилери жана облустук мекемелердин кызматкерлери катышышты. Ош облусунун башчысы Аманкан Кенжебаев мюзиклди даярдап келген филармония жамаатына ыраазычылык билдирип, өзгөчөлөнгөн артисттерге Ардак грамоталарын тапшырды.



Ошондой эле тарыхый инсан — Алымбек датка Асанбий уулунун 225 жылдык маарекесин Алай жергесинде өткөрүүдө филармониянын кошкон салымын белгилеп, жамаатка Ыраазычылык катын тапшырды.

# Жарандардын жеке маселелери чечилет



Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Талантбек Арстанкулов облус аймагынан келген жарандарды жеке маселелери боюнча кабыл алды.

Кабыл алууда тургундар негизинен жер тилкеси, турак жай, ишкерлик баштоодогу тоскоолдуктарды четтетүүгө-мөктөшүү сыяктуу турмуштук маанилүү маселелерин көтөрүштү.

Талантбек Арстанкулов ар бир кайрылууну жеке угуп, тиешелүү жетекчилер — акимдер жана айыл өкмөт башчылары менен түз байланышып, маселелерди ыкчам жана натыйжалуу чечүү үчүн тапшырмаларды берди.

Жарандарды жеке маселелери боюнча кабыл алуу ар аптанын шейшемби күнү, саат 14:00дө өткөрүлөт.

**Даярдаган: К.Кыдыралиева.**

# ЫПЛАС ЫКМАЛАРГА БӨГӨТ КОЮЛДУ, ЭСКИ ИЛДЕТТЕН АРЫЛА АЛБАППЫЗ

Жогорку Кеңеш жалпы улуттук масштабда ой жүгүртө алган, концептуалдуу ойлору бар, мамлекеттик түзүлүш тууралуу түшүнүгү бар, парламенттин функциясын түшүнгөн, кандайдыр бир идеялар менен жашаган жана саясий айдыңда жигердүүлүгүн көрсөткөн инсандар келе турган мамлекеттик институт. Мамлекеттик институттар күчтүү болгон учурда гана күчтүү мамлекет түзүлөт эмеспи. Ошентип, Кыргыз Республикасында 30-ноябрда Жогорку Кеңештин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо өттү. Парламенттеги 90 орун үчүн 460 талапкер ат салышты. Кыргызстан боюнча 2 миң 492 шайлоо тилкеси иштеди. Мындан тышкары аралыктан добуш берүү үчүн 27 тилке, чет өлкөлөрдө - 34 мамлекеттин 89 шаарында жалпы 100 шайлоо тилкеси ачылган.



Саясий серепчилер жана эл аралык байкоочулар дүйнөнүн эч бир өлкөсүндө аналогдору жок бул технология Кыргызстанда биринчи жолу колдонулгандыгын белгилеп өтүштү. Алардын билдирүүсүнө ылайык бул шайлоодо мамлекет кайсы бир талапкерди сүрөп же кайсы бир талапкерге бут тосуп административдик ресурсту колдонгон жок. Тескерисинче, мамлекеттик кызматкерлерди үгүт иштерине аралашпоону талап кылды. Мурдагы шайлоолордо колдонулуп келген шайлоочуларды ташуу, кошумча бюллетень чыгарууга, жасалма саноо сыяктуу ыплас ыкмаларга бөгөт коюлуп, бардыгы электрондук негизде жүргүзүлдү. Кыргызстанда алгачкы ирет жаңы система — аралыктан (алыстан) добуш берүү ыкмасы пайдаланылды.

Шайлоо күнү социалдык түйүндөрдө айрым шайлоо участокторунда АСУнун ишинде мүчүлүштүктөр болгон деген маалыматтардын таралышына байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы Тынчтык Шайназаров брифингде шайлоочуларга кайрылуу жасады.

«Мүчүлүштүк (сбой) — бул система таптакыр иштебей калган учурда колдонулуучу түшүнүк. Бизде мындай көрүнүш болгон жок. Жоопкерчилик менен билдирем: бир да шайлоо участокторунда мүчүлүштүктөр болгон жок», — деп баса белгиледи Т. Шайназаров.

Айрым учурларда жаралган суроолор адамдык факторго байланыштуу болуп, ал оперативдүү түрдө жоюлат деп билдирген БШКнын төрагасы.

Борбордук шайлоо комиссиясынын 1-декабрга карата берген маалыматына ылайык, КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо жалпы 4 294 243 шайлоочунун 1 584 446 добуш берүүгө катышты. Бул жалпы көрсөткүчтүн 36,90% түздү.

Бул жолку шайлоодо 2021-жылга салыштырмалуу жалпы добуш бергендердин саны 351 873 шайлоочуга көбөйүп, өсүш 28,6% болду (2021-жылы 1 232 573 адам добуш берген). Ал эми чет өлкөлөрдө добуш бергендердин саны 16 178 шайлоочуга көбөйүп, өсүш 60,7% түздү (2021-жылы 9 825 адам добуш берген болчу

Добуш берүүнүн жыйынтыктарын жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо боюнча чечимдерди кабыл алууда, бардык деңгээлдеги шайлоо комиссиялары шайлоону даярдоо жана өткөрүү учурунда келип түшкөн даттанууларды (арыздарды) сөзсүз түрдө карап чыгып, ар бир даттануу (арыз) боюнча чечим кабыл алышы керек.

Борбордук шайлоо комиссиясына добушун саткан жарандар, добуш сатып алган талапкерлер боюнча маалыматтар, видео фактылар келип түшкөн. Алсак, №26 округдагы талапкер Элдар Абакиров БШКга арыз жазып, добуш сатып алуу фактысын териштирүүнү, керек болсо округдагы шайлоонун жыйынтыгын жокко чыгарууну талап кылган. Абакировдун кайрылуусу боюнча укук коргоо органдары териштирип жатат. Борбордук шайлоо комиссиясы ИИМдин териштирүүсүнөн соң бул арызды карарын билдирди.

Социалдык тармакта №5249 шайлоо тилкесинде добуш сатып алуу аракеттери тууралуу 28 секундduk видео жарыяланды. Видеодо белгилүү суммада акча берүү жолу менен добуш алуу аракети жасалып жатканы айтылган. Анда тартылган киши шайлоочулардын тизмесин жана акчаны тутамдап кармап турганын көрүүгө болот. Ал шайлоо тилкеси Ош облусунун Кара-Суу районундагы Кыргыз-Чек айылында жайгашкан, №7 шайлоо округуна кирет. Ош облустук ички иштер башкармалыгы (ОИИБ) ыктымал добуш сатып алуу жөнүндө интернетте тараган видеого байланыштуу текшерүү иштерин баштаганын билдирген.

Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясы 3-декабрда, өзүнүн жыйынында көп мандаттуу №13 шайлоо округу боюнча Жогорку Кеңештин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону жараксыз деп тааныды.

Буга шайлоо округунун шайлоо участкаларында бир катар мыйзам бузуулардын катталгандыгы себеп болду. Атап айтканда, талапкерлердин өкүлдөрү шайлоочулардын аракеттерин көзөмөлдөө жана байкоо максатында смартфондордогу камераларды орнотушкан.

Мындан тышкары, социалдык тармактарда Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлер тарабынан шайлоочулардын шайлоо укуктарын орой бузганы көрсөтүлгөн фото жана видео материалдар тараган.

Шайлоочулардын эркин билдирүүсүнө таасир эткен жана добуш сатып алуу фактылары тууралуу кабарланган, бул болсо социалдык тармактарга жайгаштырылган фото жана видео далилдер менен тастыкталган.

Жогоруда аталган мыйзам бузуулар массалык мүнөздө болгон. КР БШКга түшкөн арыздар жана даттанууларды текшерүү максатында шайлоо участокторунда шайлоо күнү КР БШК тарабынан орнотулган камералардын видеожазуулары каралды.

Текшерүүнүн жыйынтыгында, 35 шайлоо участкасында катталган талапкерлердин өкүлдөрү мыйзамсыз камераларды орнотуп, купуя добуш берүү принцибин бузуу менен добуш берүү учурунда шайлоочулардын аракеттерин көзөмөлдөп турганы аныкталды.

Участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн уруксат берилбеген видеого тартууну токтотууга аракет жасашканы менен талапкерлердин өкүлдөрү видеого тартууну токтотушкан эмес. Ушуга байланыштуу КР БШКсы участкалык комиссиялар өз милдеттерин канчалык тийиштүү деңгээлде аткаргандыгын аныктоо үчүн алардын ишин карап чыгат. Ошентип, 35 шайлоо участогунда шайлоочулардын эркин добуш берүүсүнө таасир эткен бузуулар болуп, купуя добуш берүү принциби бузулган. Талапкерлердин өкүлдөрү шайлоо участокторунда көзөмөл жүргүзгөн, комиссиялардын ишине басым көрсөтүлгөн. Алар шайлоочуларды добуш берүү участкасына кирген учурдан тартып, идентификациядан өтүп, ага бюллетень басып чыгарылып берилип, добуш берүү кабинасына кирип чыгып, бюллетенди автоматтык саноо урнасына салганга чейинки бүткүл процесси көзөмөлдөп турушкан.

КР БШК көп мандаттуу №13 шайлоо округу боюнча Жогорку Кеңештин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону жараксыз деп тааныды. Мындан тышкары, конституциялык Мыйзамга ылайык, №13 шайлоо округу боюнча Жогорку Кеңештин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоого катышкан 14 талапкерлерди кайрадан көрсөтүүгө жол берилбейт. Ага ылайык, бул округда эми кайра шайлоо өтүшү керек.

Борбордук шайлоо комиссиясы округдук комиссиянын протоколдорунун негизинде, добуш берүү күнүнөн тарта 13 календардык күндөн кечиктирбестен (2025-жылдын 14-декабрына чейин) округ боюнча шайлоонун жыйынтыгын аныктайт, башкача айтканда, чөлкөмдөн шайланган үч депутатты белгилейт.

Шайлоонун жүрүшүндө коом добуш сатып алуу, добушун сатуу сыяктуу эски өнөкөттөн, илдеттен толугу менен арыла электигин байкалды. Айрым саясий активисттердин пикиринде добуш сатып алгандар гана эмес, добушун саткандар дагы бирдей жоопко тартылса туура болот. Аны менен биз сатып алуу фактыларын дагы азайтмакпыз. Анткени, добушту сатып алгандарды гана күнөөлүү кылбай, өз добушун, жарандык позициясын саткан адам өз мекенин сатканга барабар. Ошондуктан добушун саткан шайлоочуга бери дегенде эле административдик кодекстин алкагында иш козголсо, мындай көрүнүштүн аягы тыйылмак. Бул багыттагы мыйзамдарды да мүчүлүштүктөр бар, ошондуктан ага өзгөртүү киргизүү зарыл.

# Эл аралык байкоо комиссиялары эмне дейт?

**Шанхай Кызматташтык Уюмунун (ШКУ) байкоочулар миссиясы:**

Кыргыз Республикасында өткөн шайлоолорду ачык, эркин жана легитимдүү деп тааныган Шанхай Кызматташтык Уюмунун (ШКУ) байкоочулар миссиясы шайлоочулардын тизмесине кирген, бирок өзүнүн туруктуу катталган жерине келе албаган жарандар үчүн түзүлгөн 27 аралыктан шайлоо участогу шайлоочулардын санынын өсүшүнө өзүнүн оң таасирин тийгизгендигин белгилеп өттү.

Аталган миссиянын билдирүүсүндө шайлоо процессин ар тараптуу чагылдыруу максатында КР БШКсы өзүнүн сайтын жакшыртып, аймактагы комиссиялар менен маалымат алмашуу боюнча электрондук байланыш түзүлгөн

«Кабар» улуттук маалымат агенттиги, «Эркин Тоо», «Кыргыз Туусу», «Слово Кыргызстана» гезиттери жана облустук, райондук гезиттерде («Ош Жаңырыгы», «Баткен Таңы», «Акыйкат», «Ысык-Көл кабарлары», «Талас байрагы», «Чүй баяны») «Шайлоо – 2025» атайын рубрикасы түзүлүп, өлкө боюнча шайлоого даярдык процесси үзгүлтүксүз чагылдырылган. Республика жана облустук телеканалдарда, анын ичинде УТРК, ЭЛТР, Регион ТВ, 7-канал, New TV, Сереп Медиа, Номад ТВ жана алардын облустук бөлүмдөрүндө болжол менен 100 берүү жана сюжеттер эфирге чыккан. Мындан тышкары, аталган материалдар алардын социалдык тармактагы аккаунттарында жайгаштырылган.

Жогорку Кенештин мөөнөтүнөн мурда шайлоонун жүрүшү боюнча толук маалымат алуу максатында Миссия 110 шайлоо участогун кыдырган, анда талапкерлердин, коомдук уюмдардын, чет өлкөлүк жана эл аралык уюмдардын байкоочулары, ошондой эле ЖМКлардын өкүлдөрү болгон.

**Түрк мамлекеттеринин парламенттик ассамблеясынын (ТҮРКПА) байкоо миссиясы:**

Шайлоо мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөрдүн маанилүүлүгүн белгилеп, укуктук база демократиялык шайлоолорду өткөрүүгө зарыл шарттарды камсыздай турганын баса белгиледи. Билдирүүдө ошондой эле гендердик квота өлкөнүн саясий жашоосуна аялдардын катышуусуна өбөлгө түзөрү айтылды.

Бишкек, Ош жана Өзгөн шаарларындагы бир катар участкаларды кыдырып, участоктордун ачылышынан баштап добуштарды саноого чейин көзөмөл жүргүзгөн Миссия аралыктан добуш берүү системасын колдонууга да оң баа берди,

**Кытай Эл Республикасынын байкоочулар миссиясы:**

Миссия бир катар шайлоо тилкелеринде болуп, добуш берүү бюллетендерин даярдоого катышкан, шайлоочулардын инсандыгын тастыктоочу документтерин текшерүү жана бюллетендерди берүү процесстерине мониторинг жүргүзгөн, добуш берүүнүн жүрүшүн жана добуштарды саноо процессин байкаган.

Миссия добуш берүү мыйзамдуу, демократиялык, транспаренттүү жана ачык-айкын өткөндүгүн, Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана шайлоо мыйзамдарына, ошондой эле эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптерине туура келгенин, шайлоо ийгиликтүү жана тынч маанайда өткөндүгүн белгиледи.

**Материалдарды даярдаган: Т.АБДЫРАЗАКОВ.**

# ТАЖРЫЙБАЛУУ МЫКТЫ ДАРЫГЕР

**Жаның ооруп, кыйналып турган мезгилде эң биринчи жардамды дарыгерлер берет эмеспи. Мына ошондой мыкты дарыгерлердин бири, тажрыйбалуу дарыгер-терапевт, жогорку категориядагы дарыгер, "КРнын, саламаттыкты сактоосунун мыктысы" Имарова Ирсалат Имаровна жөнүндө сөз кылабыз.**



Ирсалат Имаровна Ноокат районундагы "Көк-Жар" айыл өкмөтүнүн Жийде айылында 1955-жылы төрөлгөн. Союз мезгилинде айылда мектеп болбогондуктан атасы "Улуу-Тоо" кенинде иштегендиктен, кызын дайыма ошол аймактагы "Улуу-Тоо" мектебине алып барып окуткан. Андан кийин "Көк-Жар" мектебинен билим алып орто мектепти аяктайт. Жаштайынан дарыгерлик кесипти самаган кыз, Фрунзе шаарынын медициналык окуу жайынын дарылоо бөлүмүнө тапшырып, 1978-жылы ийгиликтүү аяктап, Ноокат райондук ооруканасына дарыгер-терапевт кызматына кабыл алынат. Андан соң поликлиниканын башчысы болуп дайындалат. Дарыгерлик кызматын аткаруу менен бирге, оорукананын "Жоогазын" аттуу коомдук иштерине дагы активдүү катышкан. Көп жылдар бою терапия бөлүмүн жетектеп келди.

Саламаттыкты сактоо, билим берүү, социалдык маселелер жана жаштар комитетин жетектеп турган мезгилде көп иштерди аткарып өзүнүн салымын кошкон. Жаш кадрларды билим алууга, бөлүмдүн башчылыгына, башкы медайымдык кызматка көтөрүлүүгө, медициналык кызматкерлердин билимин жогорулатууга жакындан жардамын көрсөттү. Убагында Ноокат шаарынын депутаты болуп, шаардын көйгөйлүү маселелерин көтөргөн. Канчалаган оорукананын башкы директорлору жана дарыгерлер менен биргеликте кесиптеш болуп эмгектенди. Өмүрүн медицинага арнаган Ирсалат Имарованын эмгеги баа жеткис. Райондун аймагындагы сыркоолоп келген адамдардын көпчүлүгү Ирсалат айымга кайрылышат. Анын бейтаптарга койгон диагнозу, дарыдармектери тез эле таасир этип, ыраазы болушуп, алкыштарын айтышып, ооруканадан чыгып кетишет. Айрыкча, улгайган адамдар ден-соолугун бекемдөө үчүн дарыланышат. Аларга мамлекет тарабынан дары-дармектерди алууга жеңилдиктер бар.

Терапия бөлүмүндө ар кандай ооруга чалдыккан адамдардын саны үзүлбөйт. Алардын көпчүлүгү башкача айтканда 46, 3 % эндокринологиялык ооруга чалдыккандар түзөт. Дем алуу системасынын оорулары 26, 7 %, ашказан жана ичеги-карын системасынын оорулары 10 %, сөөк жана муун оорулары 11, 7 %, бөйрөк жана сийдик бөлүп чыгаруу системасынын оорулары 4,4 %ды түзөт.

Терапия бөлүмүндөгүлөр план боюнча дарыгерлер жана медайымдар квартал жана ай сайын сабактарга катышып, окуп турушат. Быйылкы жылы терапия бөлүмүндөгүлөр медициналык кызматты жакшыртуу максатында пландуу түрдө окууга Бишкек шаарына жана Ош шаарына окууга жөнөтүлүп, билимдерин өркүндөтүп келишти. Терапия бөлүмүндө жалпысынан 50 керебет бар, бейтаптар үчүн ашкана, ийне сайуу каанасы, жуунучу жай, ысык жана муздак суулар менен камсыздалган. Өткөн жылы терапия бөлүмүнө күтүү бөлмөсү жаңыдан курулуп, кабыл алуу бөлүмү ачылган.

Азыркы мезгилде дарыгер-терапевт И. Имарова, Н. Учукеев, бөлүм башчы Садык кызы Гүлназ, дарыгер-эндокринолог Р.Салыжанова, нефролог-дарыгер З. Мамытов, спирографист Кубатбек кызы А., улуу мээрбан эже Д. Пратова, ийне сайуу медайымдары Г. Жээналиева, Ж. Мамарасулова, Эсенали кызы У., чарбалык эже Т. Ормонова, ашпозчу Н. Болушова, күзөттө 9 кызматкерлер эмгектенет. И. Имарова неберелеринин чоң энеси жана таенеси.

**Б. Ысакова.**



Устат

# ИЛИМДЕГИ ИЗГИ ЖОЛ

**Илим — адамзаттын аң-сезимин кеңейтип, коомдун өнүгүүсүнө багыт берген улуу күч. Айрыкча, философия илими адам жана дүйнө, руханий баалуулуктар жана коомдук өнүгүүнү иликтеген эң терең жана татаал илим. Кыргыз философия илиминин өркүндөшүнө зор салым кошуп келе жаткан көрүнүктүү окумуштуулардын бири — философия илимдеринин доктору, профессор, Кыргызстандын Түштүк философия коомунун төрайымы Шарипова Эркайым Козуевна.**





Ал өзүнүн үзүрлүү илимий ишмердиги, билим берүүнүн өнүктүрүүгө арналган эмгектери жана коомдук турмушка жигердүү катышуусу аркылуу өлкөнүн акыл казынасын байытууда. Анын философиялык изилдөөлөрү заманбап коомду терең талдоого, руханий маданияттын баалуулуктарын сактап жана жайылтууга багытталган. Ал жетектеген иш-аракеттер жана демилгелер өлкөнүн түштүк аймактары философиялык ой жүгүртүүнүн жандануусуна чоң өбөлгө түзүп келатат.

Шарипова Эркайым Козуевна Кыргыз философиясындагы көрүнүктүү илимпоздордун бири. Ал 1966-жылы 28-июнда Ош шаарында туулган. 1983-1988-жылдары Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетин бүтүргөн. Анын илимий-педагогикалык эмгек жолу 1988-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунда иштөө менен башталган. Ал 37 жылдан бери илим жолунда шыктанып, талыкпай изденип иштеп жатат.

Ал табиятынан чексиз сабырдуулугу менен жол көрсөткөн устат, баарына олуттуу караган кеңешчи. Ар бир нерсеге терең баа берип, философиялык талдоо жүргүзгөн окумуштуу илимпоз. Анын терең философиялык ой жүгүртүүсү, элибиздин маданий жана руханий дөөлөттөрүн изилдөөгө кошкон зор эмгеги сыймыктандырат. Анын илимий сапары жарык жана таасирдүү. Андан үйрөнө турган нерсе арбын — тажрыйбасы мол, илим жана билимге болгон мамилеси дем берет. Анын кайталангыс илимий мурасы, тарбиялаган көптөгөн шакирт-жаш илимпоздору бар.

Ал 2000-жылы "Кыргыз элинин илимге чейинки дүйнө таанымы" деген темадагы диссертацияны коргоп, философия илимдеринин кандидаты болгон. 2008-жылы «Социалдык нормалар философиялык изилдөөнүн предмети катары» деген темада диссертация жазып, философия илимдеринин доктору илимий даражасына ээ болгон.

Анын илимий көз караштары кыргыз коомунун руханий келечегин илимий негизде баамдоого, кыргыз философиясынын теориялык базасын тереңдетүүгө багытталган. Анын эмгектери билим берүү системасында жана коомдук аң-сезимди өркүндөтүүдө маанилүү практикалык мааниге ээ.

Анын негизги илимий багыты: «Социалдык философия». Бул боюнча жүргүзүп жаткан изилдөөлөрүнүн жыйынтыгында 100дөн ашуун илимий макала, 3 монография жана 2 китеби басмадан жарык көргөн. Шарипова Эркайым Козуевна изденип иштөөнүн үлгүсү. Ал бүгүнкү күндө философия илимдеринин доктору, Ош мамлекеттик университетинин «Философия жана политология» кафедрасынын профессору, Россия Табият таануу Академиясынын академиги наамын алууга жетишти.

Ак эмгектин үзүрү кайтып, илимдеги изги жолу өз баасын алып келатат. ОшМУнун, Ош шаардык мэриясынын жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган. "Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы" төш белгисинин ээси.

"Кыргыз таануу — кыргыз элинин тарыхын, маданиятын, дүйнө кабылдоосун жана коомдук өнүгүүсүн комплекстүү изилдеген илимий багыт катары улуттук философиянын түзүүчү бөлүгү болуп саналат. Уңгу жол — бул коомдук жана руханий өнүгүүнүн өзөгүн түзгөн туруктуу багыт, тарыхый тажрыйба менен улуттук аң-сезимдин терең катмарын камтыган түшүнүк. Демек, уңгу жолду сактоо — улуттук жашоонун маңызын түшүнүү жана келечекти туура багыттоо менен тыгыз байланышкан. Уңгу жолдогу кыргыз таануу философиясы — өткөн менен келечекти байланыштырган руханий көпүрө. Ал кыргыз элинин тарыхый эсин, маданий жана социалдык өнүгүүсүн терең түшүндүрүп, улуттук интеллектуалдык коопсуздугун сактоого багытталган ",-дейт Эркайым Козуевна.

Ал көктөгү жарык чачкан ак жылдыз, ар убак илим жолундагы ак кызматты жогорку деңгээлде аркалап келе жатат. Анын маанисі терең жана изги максаттарга бай илимий сапары эч карыбасын, берекелүү болсун.

**А.МАТИЕВА.**

# ЛИМОН ӨСТҮРГӨН ОКУМУШТУУ

**Цитрус өсүмдүктөрү биздин аймактарда да өсө баштаганы жаңылык деле болбой калганына көп болгон эмеспи. Ошентсе да ушул темада кеп кылалы деп чечтик.**



Кара-Суу районунун Отуз-Адыр айылынын тургуну, биология илимдеринин кандидаты Ысабек Аматов өзүнүн тамаркасына жергиликтүү мөмөлүү дарактардан тартып, цитрус өсүмдүктөрүнө чейин эгип келет. Бул нерсе анын илимий ишине байланыштуу болгон экен. Анткени Аматов Ноокат районундагы Кара-Кой токой тажрыйба чарбасында 9 жыл жетекчи болуп иштеп, Алай кырка тоосундагы башка жактан алынып келинген бадал дарактарды интродукциялоо же ушул аймакка адаптация кылуу багытында кандидаттык диссертациясын жактаган. Ушунун натыйжасында өз үйүндө лимон эгип көрүп, мөмөсүн жеп жатат.



Убагында аны өстүрүү ыкмасын өздөштүргүчө бир топ түйшүк тартыптыр. Бирок, бир канча жактардан маалымат алып, бир топ аймактардан көрүп келип, өстүрүү тажрыйбасына ээ болгон. Натыйжасы жаман болбой, азыр мөмөсүн үй бүлөсү менен жеп, тааныш-тамыр, кошуна-колондору менен бөлүшүп турат.

-Жерди бир жарым метрдей казып, күнөскана жасадым. Бир-эки жыл от жагып, жылуулап турдук. Анан бир жылы жагылбай калды. Жазга маал, эми буларды үшүк уруп кетти деп ачсам, жок, үшүк урбаптыр. Ошол ошол болду, анан жылда жылытпай калдык. Күнөсканыны полиэтилен кленкалары менен жылуулап жаап коебуз, кышы менен ушинтип, үшүк албай эле жакшы чыгып атат. Ошентип ал жерге өстүрүп жаткан лимонум биздин аба ырайына адаптацияланды, шарттапшып калды. Азыр өсүп атат,-дейт Аматов.

Жогоруда айткандай, азыр мындай өсүмдүктөрдү өстүргөн практика бизге таң калыштуу болуп же жаңылык деле эмес. Бирок, муну айтканыбыздын себеби, кайсы жерде болбонуз, күнөскана жасап, ичине мөмө берчүү өсүмдүктөрдү эгип, жайы кышы ширесин татсаңыз деген эле ой. Ысабек агай күнөсканалардын кандай салынышын да айтып берет.

-Чакан эле кылып, мисалы 4ко 5 же 5ке 10 метр жерди бир жарым метр казып, үстүн чатырча кылып жыгач тартып, аны кленка менен жаап кой. Анан каалаган мөмөлүү өсүмдүктөрдү эк. Болду. Адамдар ушинтип эмгек кылышса эмнеге болбосун. Керек болсо муну тамаркасы бар ар бир адам жасап алса болот. Аны менен иштеп, эмгегинен баар тапса, жемишин жеп үй бүлөсүн кубантат,-деди Ысабек агай.



Агай демекчи, Ысабек Аматов ОшТУнун Технология жана жаратылышты пайдалануу институтунун Экология жана айлана чөйрөнү коргоо кафедрасынын башчысы болуп эмгектенет. Доцент агайдын тамаркасындагы бир эле лимон эмес, анжир, алма, анар, карагат, жүзүм, бий алма сыяктуу мөмөлүү дарактардын 36 түрү бар. Декоративдик дарактардын түрлөрүнүн өсүп турганы да өзүнчө тема. Ал күнөсканасын питомник кылып да пайдаланат, анда арча менен карагайлардын уругунан өндүрүп чыккан көчөттөрү бир топ сантиметрге чейин чоңоюп, өсүп калган. Муну кесибинен пайда болгон адат десе болот экен, анткени ал ушундай жол менен өсүмдүктөр дүйнөсүнө байкоо жүргүзөт.

Бул макаланы жазуу идеясы Ысабек агайдын үйүнө капысынан барып калып, анын чарбасы менен таанышып, айрыкча өсүп турган лимонун көргөндөн кийин келди. Базардан алган помидордун даамы менен өз үйүндө, дары кошпой өстүргөн помидордун даамынын айырмасын сөз менен жетирип бере албагандай, үйдө өстүрүлгөн лимон менен базардан алган лимондун даамында да чоң айырма бар экенин билип жүргөн деле оң экен деп койдум.

**А.Каракозуев.**



# Араванда тропикалык жемиштер жетилүүдө

**Араван жергеси эринбеген эмгектин мекени. Бул аймакта дыйканчылык кылымдар бою уланып, элдин маңдайына байлык болуп келгени бекеринен айтылбайт. Бүгүн да Аравандын төрүндө жерди тың багып, бир жылда үч жолу түшүм алууну даңазалаган дыйкандар жаңы багыттарды өздөштүрүп, тропикалык жемиштерге да маани берип жаткан учур. Алардын бири Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн тургуну, тынбай изденип, жердин сырын билген Нуркамил Касимов аттуу багбан.**



Нуркамил мырзанын тропикалык багбанчылыкка болгон кызыгуусу 2016-жылдары башталган. Ал үч сотых жерине күнөскана куруп, ага керектүү жылуулук, нымдуулук жана жарык берүү шарттарын түзүп, ага мандарин жана банан көчөттөрүн отургузган. Көпчүлүк үчүн бул иш белгисиз, кээ бирөөлөр үчүн өтө татаал көрүнсө, Нуркамил мырза үчүн бул жаңы дүйнөгө ээшик ачкандай сезилген.

Учурда Нуркамил мырза аймакта сейрек өстүрүлчү лимон, мандарин жана банан сыяктуу тропикалык өсүмдүктөрдү багып, "Аравандын топурагы алтын, аракет кылсаң мөмө берет" деген ишенимин далилдөөгө аракеттенүүдө. Бул жолдо ийгилик да, кыйынчылык да аз болгон эмес. Айрыкча банан өстүрүүдө Аравандын климаты Таиланд же Индонезиянын ыктыярлуу нымдуулугуна окшобой, өсүмдүктүн толук жетилишине тоскоол болгон учурлар көп болуптур. Багбан өзү айткандай, жылуулук менен нымдуулуктун жетишсиздиги банандын түшүмүнүн майда болушуна алып келген. Бирок, "майда болсо да мээнеттин жемиши" деп, ал банандан баш тартпай, жыл сайын жаңы ыкмаларды изилдеп, анын жайлуусу үчүн шарттарды жакшыртууну улантууда.

Тропикалык өсүмдүктөрдүн ичинен мандарин багуу өзүнчө ыкманы, өзүнчө түйшүктү талап кылат. Мисалы, мандарин түшүмдүү болушу үчүн багбан белгилүү бир эрежелерди так сактоого тийиш. Мөмө байлап жаткан маалда керектүү көлөмдө сугаруу, ашыкча бутактарды өз убагында кыркып туруудагы тажрыйба, күнөсканынын ичиндеги жылуулукту бир калыпта кармоо мунун баары мандариндин өсүүсүн түздөп, түшүмдү мол кылат. Нуркамил мырза дал ушул сырларды өздөштүрүп, акыркы жылдары мандаринден түшүм ала баштаганын кубаныч менен бөлүшөт.

Ал эми лимон багуу анын өзүнчө бир мектеби. Нуркамил мырза лимондун түрдүү сортторун өстүрүп эле тим болбой, алардан табигый сок чыгарчу чакан жабдыкты иштетип, жергиликтүү эмгектен жасалган таза, сапаттуу продукт даярдоону жолго койгон. Багбандын дагы бир жигердүү аракети ит мурут жана анжир сыяктуу жемиштерди атайын кургатуучу жабдыкта кургатып, жогорку сорттогу табигый азыктарды даярдоо. Анын күнөсканасында күндөн-күнгө өсүп бараткан тажрыйбасы аймактагы жаш багбандар үчүн да үлгү болууда десек болот.

Жер менен сүйлөшкөн мындай адамдар барда дыйканчылыкта дагы далай жаңы бийиктиктер жаралат.

**Н.Өмүрзакова.**

# РЫСПАЙ ЖӨНҮНДӨ ЭССЕ ЖЕ АНДАН ЧЫККАН ОЙЛОР

**(башталышы мурунку санда)**

Ал эми КР эл акыны Маркабай Аматов мен чыгармаларын сүйүп окуган акындардын алдыңкы сабында эле. Акынды өзү редакторлук кылган «Ала Тоо» журналына баш сөз жазып, чыгарманы бастыргандан кийин иренжип калдым. Кыргыз элинде: "Ишенген кожоң сууга акса, алды-алдыңан тал карма" деген макал бар. Убагында Рыспай Абдыкадыров менен чогуу жүрүп, анын кереметүү чыгармаларына суктанып, чыгармачылык кечелеринде аны мактап, жактап сүйлөгөндөрдүн бири болгон. Далай жолу аны коштой басып, кошоматка кой союп, керектүү учурда колдонгондордун бири эмес беле. Обондорунун сыйкырдуу кайрыктарына арбалып, нечендеген ырларын жаратып, анын жаратмандыгына кубангандардын бири эле. Мына эми көзү өткөн соң, котур ташы койнунда экени билинип, ал жөнүндө одоно, античыгарма жаралса, аны мактап, мыкты шедевр экендигин жазып чыкты. Мезгилинде Манас атабызга да Абыш, Көбөш аттуу туугандары артынан канжар урушкан. М.Аматовдун белгилүү адамдардын өмүр жолу жөнүндө жалданып, чыгарма жазгандыгын да окугандыгым бар. Мүмкүн, көрпендилик кылып, акчанын артынан түшүп кеткен чыгарсыз. Бул чыгарманы, мындай болушу мүмкүн эмес деп токтотуп коюш сиздин колуңуздан келет эле. Орус элинин: "Что написано пером, не вырубишь топором"- деген макалы бар. Мезгил өтүп, жылдар алмашып, бизден кийин келген муундар кайсы бир замандарда ушундай болгон турбайбы деген ойлорго ээ болбойт деп ким кепилдик бере алат? Албетте, эч ким...

Чыгарманын сюжети мындай: тээ 1920-жылдары Жалал-Абат калаасында Назараалы Абдыкадыров аттуу жигит жашап, ал Рабия аттуу кызга үйлөнүп, андан Лайли деген кыз төрөлөт. Рабия табыпчылык кылып, элдерди дарылап жүрүп, оору жуктуруп алып, көп өтпөй андан көз жумат. Назараалы көп жылдар жумуш менен алаксып жүрүп, жылдар жылдарга алмашып, 16 жылдын өтүп кеткендигин да сезбей калат. Ал жылдары элибизде коллективдештирүү жүрүп, орто дыйкан, бай-манаптын малмүлктөрү ортолукка алынып, оор мезгил эле. Батышта согуштун оту тутанып, совет эли да согуштун болорлугун боолголоп калган кез. Мына ушундай күндөрдүн биринде каарманыбыз Назараалы Жалал-Абадга турмуштун кыйынчылыгынан улам күн көрүүнүн, жан багуунун амалын кылып элеттен келген Зуура аттуу келин менен таанышат. Ал чиедей болгон төрт баласын кайненесине таштап, шаардагы жездесин издегенче, жумуш таап иштеп, көр тиргиликти улантаармын деген ниетте шаарга келген болчу. Көп жылдары бой жүргөн Назараалы аны менен көңүлдөш болуп, андан бир балалуу болот. Анын атын Ырыспай коюшат. Элет элинин ушак-айыңынан корккон Зуура баласын бир айча баккан соң, биротоло Назараалыга таштап кетет да, аны кызы Лайли беш жашка чейин багып чоңойтот. Назараалы кайрадан башка Төпө аттуу аялга үйлөнүп, андан бир кыздуу болот. Лайли жумушта иштегендиктен, балдар Төпөнүн кароосунда калат. Күндөрдүн бир күнүндө Лайлинин жумушка кеткенин пайлап жүрүп, Зуура кайрадан баласын көргөнгө келип, Ырыспайды уурдап кетет.

Назараалы менен Лайли баланы көпкө издешип табалбай, аны уурдаганга аялы жардам берсе керек деп түкшүмүлдөшүп кала беришет.

Таппасаң сыйпалап кал, сюжет эмес бекен? "Өз агасын агалай албаган, бирөөнүн жерин сагалайт" деген чын белем. Болгон-



до да Кара-Кулжалык агаларым залкар агабызды бөтөн жердик деп чыгышты. Макул, ошондой болгон дейли. Эмне үчүн ошол сиздер башкы каарман кылган Назараалы жана анын бала-чакалары убагында көтөрүп чыгышкан эмес? Назараалы коммунистик партиянын мүчөсү болуп, партбилетинен коркту дейли, ал эми анын кызы Лайли ошончолук мээнет кылып багып, чоңойтуп эмнеге кала берди кол куушуруп? Эгерде, бул окуя чын болгондо, атасы кызына Зууранын кай жердик экенин айтмак да, алар бир өңүтүн таап, Жалал-Абаддан Кызыл-Булакка чейин өтө деле алыс эмес го, эптеп кабар алышмак. Эмне үчүн залкар агабыздын тирүү кезинде бул маселе көтөрүлгөн эмес? Эмне үчүн кызы Лайли Р.Абдыкадыров Таласка барып, үйүндө конокто болгондо менин бир тууганымсың деп башын ачып койгон жок? Эмне үчүн? Ушуга окшогон суроолор өтө көп. Мүмкүн чындап эле Назараалы аксакалдын баласы табышмактуу кырдаалда жоголуп кеткен чыгар, бирок аны Р.Абдыкадыров деп бурмалоо болбогон кеп.

Сиз, Жаңыбай Мырза, Зуура деген каарманыңызды азыркы кездеги коммерсант кыздардай сүрөттөп койгон эмессизби?

Ал эми биз билген Зуура эне Кызыл-Булактын аймагынан чыккан эмес, анкени күйөөсү Абдыкадыр согушка кеткенде, жети жаш чиедей балдары менен калып, аларды багам деп, кандай гана оор күндөрдү башынан өткөрбөдү, экинчи жагынан, согуш мезгилиндеги ар бир жандын башына түшкөн түйшүк, аны да кыйгап өткөн жок. Бирде эгин талаасына барып, эл менен бирге орок орсо, бирде машак терди. Колхоздун тоогун бакты, Кызыл-Булактагы мектепти жууп тазалап, жылуулугуна көз салды. Чоң уулу Кочкорбай колхоздун коюн алганда, балдары менен бирге ага жардам беришти, төлүн караштты, кой саанга аралашты. Ушундай түмөн-түйшүктөн улам эч жакка чыга алган эмес.

Ырас, учурунда Р.Абдыкадыров жөнүндө эмне гана деген ушак-айыңдар айтылган жок: "Колун кесип кетиптир", "Тилин кесип кетиптир", "Рыспай баланча жердик экен"- деги койчу, ушуга окшогон сөздөр анын тирүү кезинде канча жолу айтылды, бирок, бардыгы сиздер билгендей калп болуп чыгып, өмүрүн элине арнап, артына нар көтөргүс көөнөрбөс чыгармаларын, эмгектерин калтырып, аз жашаса да саз жашап, 53 жашында 1994-жылы 11-сентябрда оорунун айынан жарыкчылык менен кош айтышканын билебиз.

**(уландысы кийинки санда)**

**Калил Орозалиев.**

# ТӨРТ КӨЧӨДӨ ТӨРТӨӨБҮЗ...

Төрт көчөгө келгенде эле өзүмдүн бала кезде болгон окуя дайыма эсимден кетпей туруп алат. Бул өткөн кылымдын алтымышынчы жылдарынын орто чонинде болсо керек эле. Мектеп босогосун аттай элек болчумун. Бейиши болгур апам алым жетсе да, жетпесе да төркүнүнө көтөрчү түйүндөрүнө жардам болобу же чын эле эрдемчилик кылса керек деген ойдонбу жанына жан коштy катары ээрчиткени, ээрчиткен эле. Ошондой күндөрдүн биринде жай саратан болсо керек. Райондун борбору Кара-Кулжага Ажике тараптан жөнөп калдык. Анда азыркыдай кыйма-чийме машина кайдан. Жөө жалаңдай же ат улоо менен кай учурларда борттуу машина оң келсе иши барлар райборборго бара турган. Ошондо деле азыркыдай адамдар көп кездешчү төрт көчө барктуу болчу. Биз да көпчүлүктүн арасында төрт көчөдөн сапарыбыз карыды окшойт. Мен жан алгыч келип жанымды сууруп алчудай боло тургансып апамдын колу бутуна чырмооктой жармашып алганым али күнчө эсимде. Капысынан эле музыкага коштой сүйлөгөн катуу добуш кулагыма жаңырды. Мен апамдын колунда эмне болгонумду билбепмин. Жаным чыгып бараткан таризде өтө катуу чабалактай чаң чуңга карабай, колунан суурулдум да жанымды аман алып калчу тарапты издей катуу күчүм менен алымдын жетишинче бакыра боздой жан талаша качып бараттым. Бир канча саамдан соң, кулагыма угулган жан алгычтын үнүндөй сезилген жаңырык алыстай угулбай калгандай сезилип калды.

Карасам менин артымдан апам жер сыйпалап таппай калчудай каардуу күч менен жан талаша чуркай, мага жакындап барып баса жыгылганы али күнчө эсимде. Анда жаштыктагы көз таанымда, кулак угумда мындайдын болбогону тура. Кийин андап билсем зым карагайдын башына илинген




радио-репродуктор экен. Анда заман тез темп менен өнүккөнбү жетимишинчи жылдардын башында биздин айылдын борборунда да зым карагайга илинген радио сүйлөөчү болду. Ошондон кийин жашоодо, толук элдин турмушунда байма бай өзгөрүүлөр бачым сезилгенин биз куракттуулардын баары эле баамдаган чыгаар.

Биз да адам болоорбуз. Биз да коомго аралашаарбыз деген көп чабыттуу кыялдар менен кимдир бирөөлөр айтмакчы, адамдык парзыбызды аткаруу максатында мектепти аяктадык. Ал учурда таалим-тарбия берүүчүлүктүн күчтүүлүгүнөнбү баарыбыз коомго керектүү болсок экен деген кыялдарыбыздын жетегинде өмүр жолуна сапар алганбыз. Биз мектепти алтымыш төрт окуучу аяктаган элек. Ал учурда эр азаматтарга мекен алдындагы аскердик милдетин өтөө чоң парз эле. Ошондогу совет өлкөсүнүн чыгышынан батышына, түштүгүнөн түндүгүнө чейинки зор мейкиндикте аскердик милдетти өтөө ар бирибиздин мойнубузда турчуу. Аскерге жөнөгөндөр ушул Кара-Кулжанын төрт көчөсүнөн сапар ала турган. Ошондон азыр да төрт көчөдөн, чайкананын алдынан жолукпайлы деген болжоолор айтылып калган белем.

Биз деле ай ааламды кыдыра албасак да туулган жердин топурагы алтын демекчи, классташтардын бир тобу Кара-Кулжада үй отондуу катары отурукташтык. Анан калса классташ курбулар жан шериктеш кыялбастардан болот тура. Азыр да көп учурларда кездешип турабыз. Соңку учурларда Оморбек, Абдимитал, Калдыбай жана мен.

Мен дегеним Төштүк. Ошондон улам "Төрт көчөдө төртөөбүз" деген ой айтылып жатпайбы. Биздин деле жашыбыз жетимишке жакындап калды. Элде айтылгандай "Элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жер жаңы"деген сөздүн мааниси деле айтылганына жараша көп нерсеге кусалантат окшобойбу.

Биз тарбияланган Советтер Союзу токсонунчу жылдары түп орду менен урады. Коом такыр башка системада өңүгүү жолуна түштү. Кыргыз эли да өз алдынча мамлекет курууга бел байлады. Кандай гана болбосун жандуу жаратылыш жашоосун токтоткон жок. Ошондо деле күн батып таң атканынан жазбады. Бир күн жолукпай калсак кусаланчу ынак достор төрт көчөдө жолукмайбызды калтырган жокпуз. Азыр да жолугуп турабыз. Замандын оюш-кыйышында бирге ынак өмүрлөштөр катары бири-бирибизге кымындай да көңүл калуубуз боло элек. Омор менен Абдимитал көп жылдар райондук керек-жарак башкармалыгында эмгектенди. Калдыбай айылдык талант катары райондук маданият үйүндө автоклуб башчысы кызматын аркалады. Кийин шартка жараша соода-сатык кызматы менен Жамбул калаасында бала-чакасы менен күн кечирди. Табышы жакшы болду окшойт, Бишкек калаасынан өзгөчө кан сарай атыккан үйлүү болду. Ошондон соң көп өтпөй айыкпас дарттын азабынан дүйнө салды. Эми төрт көчөдөгү төртөөбүз үчкө түшүп калдык. Жашоо деген ушундай тура. Калдыбай көзү өтө электе Кара-Кулжага ай аралатпай тез-тез келип турчу. Анан эле төрт көчөдө төртөөбүз бири-бирибизди издей, кездешип калат элек. Кийин биздин катарларыбыз да пейил куюлубузга жараша ынак достор менен көбөйдү.

Нуркамил, Жээнбек, Асан, Ысмайыл, Аттокур, Нураали, Калдыбай, Кадыш, Кубаныч, Жумаали сыяктуу бир топ достор өмүрдүн саптуу күндөрүн бирге өткөрдүк. Жолукканда көп нерселерди божурашчубуз. Бирок, өмүр деген чиркин ууру келет тура. Арабыздан Асан, Кубаныч, Жумалилерди шум ажал алып кетти. Жашоодо өмүрүң өткөнчө туу тута турган жер болот тура. Ошондой жер Кара-Кулжа айылынын төрт көчөсү. Кандай болгон күндө да аталган жер көптөгөн замандаштардын жүрөгүндө жакшылык күндөр менен эсте калды десек болчудай.

**М. Жуманазаров, журналист.**

# КЫРГЫЗ ЫР- КҮҮЛӨРҮ ТҮРКИЯДА ЖАҢЫРДЫ

**Ош облустук Рыспай Абдыкадыров атындагы филармониянын Марип уулу Калдар жетектеген таланттуу жаштардан түзүлгөн «Аалам» этнофольклордук тобу Түркия Республикасынын Анталия шаарындагы Кыргыз Республикасынын Консулдугунун чакыруусу менен Түркия Республикасынын эгемендигинин 102 жылдыгын белгилөө аземине катышып келди.**

«Аалам» этно-фольклордук тобу Түркия Республикасынын Жер Ортолук деңизинин жээгинен оруналган чоң порттуу Конья шаарына барышты. Конья шаарынын мэриясы Түркия Республикасынын эгемендүүлүк күнүнө карата жергиликтүү жана алыскы мамлекеттерден келген өнөрпоздордун чоң программадагы даярдалган концерттерине эл көп чогулган шаардын майданына эл аралык деңгээлдеги техникалык жабдуулар менен чоң сахна курган.








Ошол эл аралык деңгээлдеги куттуу сахнада Марип уулу Калдар жетектеген «Аалам» этнофольклордук тобунун таланттары кыргыз музыкасын жаңыртып, кыргыз маданиятын таанытып, Кыргыз Республикасынын желегин желбиретип, түндүгүбүздү көтөрдү.

"Аалам" тобу 1,5 саатты камтыган кыргыз ыр-күүлөрдөн куралган 18 номер концерт тартуулашкан. Айрыкча, Марип уулу Калдардын "Манас руху" аттуу жаңы чыгармасын түрк эли жактырып, чоң таасирлер менен катуу кол чабышкан. "Маш ботой" баш болгон Р.Кочорбаевдин "Шаттык","Майрам күү", Р.Жумабаевдин "Эрке сары", А.Насирдиновдун "Бий күү" жана башка кыргыз чыгармалары аткарылган.

Ошондой эле Анталиядагы кыргыз боордоштторго акысыз концерт коюшкан. Алар көздөрүнө жаш алышып, Ата-Мекенди сагынышканын билдиришип, кыргыздын таланттуу жаштарын кучак жайып тосуп алышкан.

Барып келүү чыгымдарын Рыспай Абдыкадыров атындагы Ош облустук филармониясы каржылаган.

**К.Кыдыралиева.**

Ой чабыттар

# ПРАКТИКАНТ СТУДЕНТТЕРДИН ҮНҮ

**Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин студенттери биздин редакцияга келип, гезит тууралуу кенен маалымат алып кетишкен. Ошондо өздөрүнүн жүрөгүн өйүткөн маселелерди жазып, ага гезит бетинен орун берүүбүздү суранышкан эле. Алар негизинен практика учурунда өздөрү күбө болгон өзгөчө таң калыштуу окуяларды жазып, ой бөлүштү. Келечек муунга тарбия бере турган мугалимдердин мектеп турмушунан көргөн таасирлери окурман журтун кайдыгер калтырбайт деген ойдо, ушун санга жарыялоону чечтик.**

## ОКУУЧУЛАР СҮЙЛӨЙ АЛБАЙ КАЛГАНБЫ?..





Жакында өткөн педагогикалык практика мага көп ойлорду жаратты. Ар бир нерсенин өзүнүн жакшы да, жаман да жагы болорун баарыбыз билебиз. Бирок, бул жолу мен өзүмдү эң көп ойлонткон жагдай — жаш муундардын сезим дүйнөсүнүн жардылыгы болду.

Сабак учурунда окуучулар менен ар түрдүү темада сүйлөшүп жатып, бир тапшырма бергем: "Апаңарга арнап бир нече жакшы сөз айткылачы",-деп. Бирок, күтүүсүздөн класс унчукпай калды. Көпчүлүгү сөз таппай, айта албай уялып турду. Ал тургай өз апасын канчалык жакшы көрөрүн да сөз менен түшүндүрө алышпады.

Бул көрүнүш мени терең ойлонууга мажбур кылды. Анткени "Апа" — бул дүйнөдөгү эң ыйык, эң жылуу, эң таза сөз. Апасына жакшы сөз айта албаган бала кантип өз сезимин, ыраазычылыгын билдире алат? Бул жөн эле уялуунун белгисиби же тереңирээк маселе барбы деген суроо көңүлүмдү тынч койбоду.

Менин оюмча, мунун себеби – үй-бүлө ичиндеги баарлашуунун азайышы. Азыр көпчүлүк үй-бүлөлөрдө телефон жана интернет ата-эне менен баланын ортосундагы тирүү байланыштын ордун ээлеп калды. Балдар апасы менен сырдашпай, телефон менен сүйлөшөт; кубанычтарын, кыжалаттарын бөлүшпөй, экранга тигиле беришет. Ошентип, акырында бири-биринин сезимин түшүнбөгөн, сөз менен ыраазычылык билдире албаган коом жаралып жатат.

Бул көрүнүштү болтурбоо – бүгүнкү күндүн олуттуу маселеси. Биз, келечектеги мугалимдер, балдарга жөн гана билим эмес, сезим, тарбия, боорукердик, мээрим үйрөтүшүбүз керек. Ар бир үй-бүлөдө баарлашуу, сүйлөшүү, жылуу сөз адатка айлануусу шарт. Себеби мээрим – адамды адам кылган эң негизги күч.

Жаш муундар апасына, атасына, досторуна, мугалимине жакшы сөз айта билсе – анда коомубузда кайрымдуулук, жылуулук жана биримдик да болот.

**Үпөл Рахмидинова.**

**(уландысы 8-бетте)**

Жарыя

**Жараксыз деп табылсын**

Джураева Мяссар Жумабаевнага таандык болгон ИНН номери 10611196500282 сандуу дыйкан чарбасынын каттоо күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

# ПРАКТИКАНТ СТУДЕНТТЕРДИН ҮНҮ

(башталышы 7-бетте)

## МЫНДАЙ БОЛБОШУ КЕРЕК ЭЛЕ...

Студенттик күндөр — жашоондун эң кызыктуу, ошол эле учурда эң жооптуу учуру. Биз 2-курс кезибизде адаптациялык практика өтөө үчүн шаардагы мектептерге бөлүнгөнбүз. Ар кимибиз келечектеги кесибибизге жакындан таанышып, балдар менен иштөө ыкмаларын үйрөнөбүз деген чоң үмүт менен мектеп босогосун аттаган элек.

Мектепке келген күнү жетекчи мугалим менен таанышып, кайсы класстарга бөлүнөбүз, кайсы сабактарга катышабыз — баары аныкталды. Алгачкы практика болгону үчүн өзгөчө кубаныч менен эртеси күнү мектепке шашып баргам. Бирок, тилекке каршы, баары ойдогудай боло бербеди.

Практика күндөрү өтүп, ар бир сабакты кызыгуу менен өткөрүүгө аракет кылып жүрдүм. Бирок, жыйынтыгында күтүлбөгөн нерсе болду. Практика аяктап калганда жетекчи эжейдин жана айрым окуучулардын мага болгон мамилеси кескин өзгөрдү. Бир күнү ал мага:

— «Сага мүнөздөмө жаза албайм! Практиканттар эмне кылып койдуңар, бир пайдаңар жок!», — деп катуу сүйлөдү.

Жаштыгымданбы же уялып калдымбы, эч нерсе дей албай, айтканын кылууга макул болдум. Ошентип, классты тазалап, керек болгон каражаттарды дүкөндөн өз акчама сатып келүүгө туура келди.

Бул окуя мен үчүн чоң сабак болду. Анткени практика – жөн гана формалдуу иш эмес, жаш адистин турмуштук тажрыйбасы, адептик мектеби. Мугалим менен студенттин ортосундагы мамиле ишенимге жана урмат-сыйга негизделүүгө тийиш.

Мен бул окуяны айтып отурганымдын себеби — менден кийинки практиканттар ошондой жагдайларга туш болбосо экен деген тилек. Ар бир жетекчи мугалим студенттин жүрөгүндө кесибине болгон сүйүүнү ойготсо, анда биздин билим берүү тармагы дагы таза, адилет жана боорукер болот эле.

**Зарема Асаналиева.**



## Практиканттар малай эмес



Студенттик жашоонун эң жооптуу этабы — бул практика. Ар бир студент аны чыдамдуулук, шыктануу жана үмүт менен күтөт. Себеби практика – келечектеги кесиптик турмуштун алгачкы тепкичи, теориялык билимди иш жүзүндө колдонуу учуру. Бирок, тилекке каршы, кээде бул процесс жаш адистердин ишке болгон ынтаасын сындырган учурга да айланып калууда.

Мен да дал ушундай жагдайга туш болдум. Практика өтүп жүргөн кезимде айрым мугалимдердин студенттерге болгон мамилеси мени аябай таң калтырды. Сабак бүткөн соң, бош убактыбызда жетекчи эжейибиз бизди сабакка тиешеси жок жеке жумуштарына жибере баштады. Кээде психикалык ооруканадан печать бастырып келүү, клиникага барып документ тапшыруу сыяктуу иштерди аткарууга мажбур болдук. Бул – мугалимдик практика эмес, жеке тапшырмаларды аткаруу болуп калды.

Эртең менен сменада иштеген студенттерди түштөн кийин да алып калып, өзү тойго же башка иш-чараларга кетип калганы да болду. Ал эми биз мектепте кечке чейин отуруп, чарчап, көңүлүбүз түшүп калчу элек. Кээде сабактар бүткөн соң окуучуларды уборкага чыгарып, алар үлгүрбөсө биз өз колубуз менен шыпырып, классты жаап кетүүгө аргасыз болчубуз. Бул да туура эмес көрүнүш эмеспи?..

Практика аяктагандан кийин күндөлүктөрүбүзгө "5" деген баа коюлуп, жакшы мүнөздөмө берилди. Биз болгону мектептин директоруна мөөр бастырып алуу үчүн даярданган элек. Бирок, тилекке каршы, кыргыз тилчилердин секция башчысы бардык күндөлүктөрдү чогултуп алып, "өзүм бастырып берем" деди. Эки күн өттү — бербей койду. Андан соң "иш-чара өткөрөсүңөр, ошондо баанарды коём" деди. Макул болуп иш-чараны даярдадык, бирок, кайра "болбой калды" деп баш тартты. Акыры биз дагы көк беттик кылып, өзүбүздүн эмгегибизди көрсөтөлү дедик.

Иш-чараны жогорку деңгээлде өткөргөндөн кийин деле "ар бир кадамыңарды жазып келгиле" деп кайра-кайра тапшырма берди. Барсак "үчөөңөр келгиле", келсек "беште келгиле" деп убара кылды. Акыры чуркап жүрүп араң күндөлүктөрүбүздү алдык.

Бул окуядан кийин ал мектепке практика өтүүгө да, иштөөгө да каалоо калбады. Себеби, мугалимдик кесип — бул тарбиянын, ыймандын, боорукерликтин булагы болушу керек эле. Ал эми студент – келечектеги мугалим. Ага ишеним, колдоо жана сабырдуулук керек.

Мен бардык эжекелерге кайрылгым келет: практикага келген студент – жардамчы эмес, келечектеги кесиптешиңиз. Аларды ашыкча жеке иштерге жумшабай, тескерисинче, шыктануу жана ишеним тартууласаңыздар, эртең ошол студент сиздей мыкты мугалим болуп чыгат.

**Токтор кызы Перизат.**

## Адептүү көрүнгөн айыл окуучулары

Ар бир студент үчүн педагогикалык практика – бул келечектеги кесибине жасаган алгачкы кадам, турмуштук чоң сабак. Менин да бул жолу айылдык мектепке чыгып, практика өтүшүм көп ойлорго салды.

Айылдын мектеп жашоосу шаардык мектептерден таптакыр башкача. Эң оболу мени кубандырганы – айылдагы балдардын тарбиясы, улууга көрсөткөн сый-урматы, кичүүгө болгон боорукер мамилеси болду. Мугалимдер да өз ишине өтө жоопкерчилик менен мамиле кылышат. Ар бир сабагын сүйүп өтүшкөнүн, окуучуларга



билим менен кошо адамдык касиеттерди да сиңирүүгө аракет кылышканын көрүп, мугалимдик кесиптин улуулугун дагы бир жолу түшүндүм.

Бирок, кубанычтын артында өкүндүргөн жагдайлар да болбой койгон жок. Кээ бир 9–10-класстын окуучулары китепти шар окуй албайт экен, жадагалса жөнөкөй текстти жазууда да кыйналышат. Бул көрүнүш мени терең ойлонууга түрттү. Эмне себептен мындай абалга жеттик? Балким, китеп окууга кызыгуунун аздыгыбы же билим берүүдөгү үзгүлтүктөрбү – айтор, бул суроого жооп издөө ар бирибиздин милдетибиз сыяктуу.

Айылдагы тажрыйбам мен үчүн чоң сабак болду. Мугалимдик кесипке болгон сүйүүм дагы бекемделди. Анткени, билим берүү – бул жөн гана сабак өтүү эмес, келечек муундун тагдырын тарбиялоо экенине ишендим.

**Рахмидинова Апал.**

## Мугалимдин жүрөгү да чарчайт...



Мектеп — билимдин гана эмес, сабырдын да ордосу. Жакында практикага чыкканда бир мугалимдин айткандарына терең ойго чөмүлдүм. Башка мугалимдерге караганда бир топ тажрыйбалуу  бул устат күн сайын окуучулар үчүн аракеттенет, бирок анын ден соолугуна да оор таасир этерин айтып берди.

«Кээде кечинде кан басымым көтөрүлүп, түнү менен уктай албай чыгам. Кээ бир балдардын ызы-чуусу эсиме түшүп, башым ооруп кетет», — деди ал оор үшкүрүнүп.

Ушул сөздөр мугалимдердин кандай жоопкерчилик жана чыдам менен иштей турганын көрсөтүп турат. Алар окуучулардын келечеги үчүн өз ден соолугун да тобокелге салышат. Күн сайын сабак даярдоо, тартип сактоо, ар бир баланын мүнөзүн түшүнүү — бул оңой иш эмес.

Биз көп учурда мугалимдин чарчоосун байкабайбыз. Бирок, ар бир ийгиликке жеткен окуучунун артында ошол түнү уйкусуз өткөргөн, эртең менен да күлүмсүрөп класска кирген устат турат.

Ушундан улам, коом катары мугалимдердин эмгегин жогору баалап, алардын ден соолугуна да көңүл буруу — ар бирибиздин милдетибиз.

**Азимбек кызы Бурулкан.**

## ЖАШЫРЫН КИТЕПТЕРДИН СЫРЫ



Мугалимдик практика — ар бир болочок мугалим үчүн чоң сыноо жана турмуштук сабак. Ал практиканын ар күнү жаңы сыноо, ар күнү өзүнчө окуя. Бирок менин эсимде түбөлүккө калган бир окуя бар — ал билимге болгон чыныгы умтулуу тууралуу.

Күндөрдүн биринде мен практика өтүп жаткан класска кирсем, бир окуучу дайыма тынчсыздангандай, китептерин ача албай отурганын байкадым. Башында муну жөн гана көңүл бурууну жетишсиздиги деп ойлогом. Бирок, бир нече күндөн кийин окуучулар сабактан айрым китептердин жоголуп жатканын айта баштады. Албетте, бул мен үчүн күтүлбөгөн жагдай болду.

Мен бул окуяны иликтөөнү чечтим. Класстагы балдар менен жеке сүйлөшүп, кайсы китеп качан жана кайдан жоголгонун сурадым. Ар бир жооп мени дагы терең ойго салды. Эң кызыгы — жоголгон китептердин баары терезенин жанындагы ордундан жоголуп турган экен. Демек, бул жөн эле кокустук эмес, бирөө атайылап жасап жаткан иш болчу.

Бир күнү мен сабакка бир аз кечигип кирдим. Ошондо баягы тынчсызданган окуучунун кыймылдарын байкадым. Ал акырындык менен артка чыгып, бир буума китепти терезенин жанындагы бурчка жашырып жатты. Мен аны жакындан байкап турдум, бирок, ошол учурда эч нерсе дебедим. Сабактан кийин аны чакырып, ачык сүйлөштүм.

Бала башында уялып, үн катпай турду. Акыры ал чындыкты айтты: китептерди ал уурдап эмес, өзүнүн эжесине берип окуусун улантуу үчүн жашырып жүргөн экен. Эжеси мектепти аяктай албай калгандыктан, китептерди абдан каалап окучу экен.

Бул окуя мен үчүн чоң сабак болду. Кээде биз окуучунун жүрүм-турумун тез эле баалап, терс пикирге келебиз. Бирок, ар бир кыймылдын, ар бир "бузукулук" көрүнүшүнүн артында да чоң жүрөк, чыныгы билимге болгон каалоо жашырынып турушу мүмкүн.

Мугалим үчүн эң маанилүүсү — баланын жүрөгүн угуп, анын ички дүйнөсүн түшүнө билүү. Анткени, чыныгы билим — китептерден гана эмес, боорукерликтен, түшүнүүдөн жана ишенимден башталат тура.

**Саломатхон Нурдинова.**